Акматова Чынара Асановнанын **«Башталгыч класстардын “Адабий окуу” предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы»** аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

## ПИКИР

Бүгүнкү күндүн негизги талабы Кыргызстандын билим жана тарбия берүү тармагында жаш муундарды тарбиялоо, учурда коомдун рухий тазалыгы, адеп-ахлактык көрөңгөсүн алардын жан дүйнөсүнө сиңирүү менен бирге ата бабалар калтырган адабий мурастар менен тарбиялоо милдетин коюуда.

Жалпы коомдун бүгүнкү кыймылы глобалдашуунун таасиринен улам жаңы нукка бурулду, б.а., бир кезде планетадагы өзгөрүүлөр Ала-Тоо аймагына бир нече жылдан кийин таасирин тийгизчү болсо, азыр эми андай таасир өтө ыкчамдык менен жетүүдө. Мындай тездетилген кыймыл өз кезегинде адамдардын аң-сезимине, коомдун руханий дүйнөсүнө катуу таасир этип, кыргыз жаштары батыштан келип жаткан «массалык маданияттын» да, глобалдашуунун да оң-терс жактарынын агымына кабылып отурат.

Ушундай шартта дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүнүн билим берүү системалары концепцияларын, стандарттарын, программаларын улуттук негизге таянып кайрадан иштеп чыгууда. Ушул багытта жалпы билим берүүчү мектептерде, лицейлерде, гимназияларда, предметтерди тереңдетип окутуучу класстарда билим берүүнү гумандаштырууга жана улуттук нарктарга, тарыхый башаттарга кайрылууга өзгөчө маани берилүүдө.

Мезгил талабына ылайык азыркы мектеп дүйнөлүк эмгек рыногунда атаандаштыкка жарамдуу, ар тараптан өнүккөн, коомчулук менен мамиле түзө алган, өз алдынча жаңылбай чечим чыгара алган, ийкемдүү, иш билги, маданияттуу, көп тилди өздөштүргөн, компьютердик сабаттуулугу бар,

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 123 «11» 04 2022 ж/г

башкача айтканда, ар тараптуу компетенттүү бүтүрүүчүлөрдү даярдап чыгарууга тийиш.

Диссертант Ч.А.Акматова 2-4-класстарда окутулуучу «Адабий окуу» предметиндеги балдар ырларына изилдөө жүргүзүү менен бирге башталгыч класстардын окуучуларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу проблемасын коюп, ырларды компетенттүүлүккө багыттап үйрөтүүнүн мазмунун жана методикасын иштеп чыккандыгы диссертациялык ишинин актуалдуулугун далилдейт.

Изденүүчүнүн диссертациялык иши -165 беттен туруп, негизги 3 бапты, киришүү, жалпы жыйынтыкты жана адабияттардын тизмесин камтыйт.

**Биринчи бап** «Башталгыч класстардын "Адабий окуу" предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык-методикалык проблемалары жана изилдениш тарыхына обзор» деп аталып, анда диссертант Ч.А.Акматова балдар ырларын окуучуларга үйрөтүүдө алардын адабий-теориялык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда бул багытта бир топ окумуштуулардын философиялык, педагогикалык, психологиялык, адабият таануучулук эмгектерине обзор берүү менен алардын эмгектерин системалуу пайдалангандыгын көрүүгө болот.

Ошондой эле диссертант бир топ окумуштуулардын балдар ырларынын спецификасын жана классификациясы боюнча изилдөөлөрүнө токтолуу менен, изилдөөгө алган класстарда балдарга арналган ырлардын теориялык жана практикалык маанисине токтолуу менен алардын мектептерде окутулушуна изилдөө жүргүзгөн.

Балдар ырларын окутуу боюнча методисттер К.Сартбаев, С.Сакиева, С.Рысбаев, А.Саттарова, А.Токтомаметов ж.б. окумуштуулардын эмгектери жана алардын негизги илимий-методикалык багыттары талдоого алынган. «Адабий окуу» предметинин негизги максаты болгон мектеп окуучуларынын окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу иш билгилигинин илимий-методикалык негиздери иштелип чыгылган.

**Экинчи бап** «Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору» деп аталып, анда изилдөөнүн материалдары жана методдору, эксперименттик материалдардын мазмуну, критерийлери, эксперимент иштеринин жүрүшү, жыйынтыктары камтылган.

«Адабий окуу» предметинин негизги максаты катары – кенже мектеп окуучусунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен материалды туура, так, көркөм окуй алууну, окуганын жана укканын түшүнүп, ал материалдарды турмушунда колдоно билүү аркылуу кеп ишмердигин, карым-катыш кылуу мүмкүнчүлүгүн өстүрүүнү, сабаттуу окурман катары тексттерди, чыгармаларды окууга туруктуу кызыгуусун арттырууну, чыгармага карата баалуулук негизде өз пикирин айтуу жөндөмүн калыптандырууну максат кылат.

Адабий окуу предметинин милдеттери катары төмөнкүлөргө токтолот:

1. Базалык окуу көндүмү катары окуучулардын текстти так, туура, тиешелүү ылдамдыкта, түшүнүп окуусу, андагы жаңы сөздөрдү, маалыматтарды, түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү.
2. Ар кандай текст менен иштөөнү камсыз кылуучу кеп ишмердигинин түрлөрүнө (угуу, айтуу, окуу жана жазуу) окуучулардын ээ болуусу жана алардын чыгармачылык дараметин арттыруусу.
3. Окуучулардын көркөм жана башка адабияттарды окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана окуган чыгармасына карата пикирин, баасын билдирүү менен баалуулук мамилелерин калыптандыруусу ж.б.

Диссертацияда ар бир класста кайсыл автордун кандай ырлары сунушталгандыгы, алардын жалпы тематикасы жана ирети көрсөтүлгөн жана «компетенттүүлүк» деген түшүнүк ар түрдүү илимдердин объектилерине таянылуу менен чечмеленип, анын негизги белгилери көрсөтүлгөн. Диссертациянын негизги жоболорун иштеп чыгып, сунуштарды киргизүү үчүн изилдөөнүн методологиялык негиздерин үйрөнүү (илимий булактарды

изилдөө методу), аңгемелешүү методу, окуучулардын жазуу жумуштарын анализдөө, окуучулардын чыгармаларын талдоо, анкеттөө, байкоо, тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, моделдештирүү методдору колдонулган, ал боюнча изилдөөдө кеңири берилген.

«Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана анын жыйынтыктары» аттуу параграфында «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын окутуунун методикасы боюнча изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык жүргүзүлгөн.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош областынын Араван районунун №2 Аман Эгенов, №10 Токтогул, Кара-Суу районунун №49 Эрнест Тельман атындагы орто мектептери, №87 Сыдык Алайчы уулу атындагы инновациялык гимназия билим берүү комплекси, Ош шаарынын Навои атындагы №18 гимназия мектеби, Баткен областынын Баткен районунудагы Ж.Байжигитов атындагы орто мектептери тандалып алынган. Тажрыйбалык топтор менен эксперименталдык топтордо эксперименттин биринчи – аныктоо этабында билим деңгээли, ырларды өздөштүрүү боюнча эксперимент жүргүзүлгөн жана окутуунун компетенттүүлүккө негизделген методикалык ыкмалары, заманбап технологиялары сунуш кылынган. Жыйынтыгында сунуш кылынган окутуунун компетенттүүлүккө негизделген ыкмалар, каражаттар жана окутуу технологиялары майнаптуу экенин тастыкталып, алардын жыйынтыктары боюнча корутунду чыгарылып, алардын негизинде практикалык сунуштар берилген.

**Үчүнчү бап** «Башталгыч класстардын «Адабий окуу предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруу» деп аталып, анда окуучулардын окуу жана түшүнүү компетенттүүлүгүн калыптандыруунун жолдору, формалары жана каражаттары, ыкмалары сунушталган.

Диссертант Ч.А.Акматова башталгыч класстарда адабий окуу предметинин эң башкы милдеттеринин бири – окууну текст аркылуу туура сүйлөөгө үйрөтүү, туура сүйлөө үчүн ага сөздүк запас болушу керектигин, ал эми сөздүк запаска ээ болуунун башкы казынасы катары – жомокторду,

табышмактарды, жаңылмачтарды, ырларды, аңгемелерди белгилөө менен ошолорду окуп үйрөнүү аркылуу кантип логикалык ырааттуулукта сүйлөө керектигин бир топ ыкмалар менен көрсөтүп өтөт.

Ошондой эле диссертант тарабынан «Адабий окуу» предметинин башкы максаттарынан бири болгон башталгыч класс окуучуларынын окурмандык кызыгууларын жана компетенттүүлүгүн калыптандыруу ишмердүүлүгүнүн илимий-методикалык негиздери иштелип чыгылган. Бул компетенттүүлүк текстти туура, так, көркөм, аң-сезимдүү окуй алууга, окуганын түшүнүүгө, түшүнгөнүн жеке жашоосунда колдоно билүүгө жетиштирет. Эмгекте бул багытта 2-класстын «Адабий окуу» китебинин «Сөз үйрөнүп алалы» деген бөлүмүндөгү А.Кыдыровдун «Тамга кошсок же кемитсек», Т.Самудиновдун «Аралашкан арiптер», «Туурабы?» аттуу ырлары талдоого алууда колдонулган ыкмалар көрсөтүлгөн.

Элдик педагогикадагы толеранттуулук идеялар кенже класс окуучуларында толеранттуулукту калыптандырууда алардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык келип, башталгыч билим берүүдө окуу материалы катары «Адабий окуу» китебинде басымдуу түрдө элдик педагогиканын каражаттарын, жомокторду, аңгемелерди, уламыштарды, эпостордон үзүндүлөрдү, макал-лакаптарды, тамсилдерди ж.б. кенен пайдалануунун мүмкүнчүлүгү кеңири экендигин белгилөө менен, изденүүчү элдик педагогикадагы толеренттуулук идеясын да изилдөөсүндө негиз кылып алгандыгын көрүүгө болот.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү**: Башталгыч класстарда биринчи жолу «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы (салттуу жана инновациялык ыкмалардын, формалардын, методдордун жана каражаттардын комплекси) илимий психологиялык-педагогикалык технологиялардын жана методикалардын заманбап жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыккандыгы жана педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө анын натыйжалуулугу аныкталгандыгы.

**Ал эми диссертациялык иштин практикалык мааниси тууралуу төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:**

1-ден, диссертациянын материалдары башталгыч класстардын «Адабий окуу» предмети боюнча мамлекеттик стандарттарды жана программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын өркүндөтүүдө жана иштеп чыгууда орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун сапатын өркүндөтүүгө түздөн-түз таасирин тийгизет.

2-ден, филологиялык жана педагогикалык факультеттерде кыргыз адабиятынын методикасын окутуу курсунда жана башталгыч мектептин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо курстарында бир топ практикалык жактан жардам берет.

3-дөн башталгыч мектептин окуучуларына ырларды окутуу боюнча аудио жана видео материалдарды иштеп чыгууда колдонулат.

**Диссертант тарабынан практикада пайдалануу үчүн бул сунуштар айтылган:**

1. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предмети боюнча окуу-ченемдик документтерге (мамлекеттик стандарттар, программалар, окуу китептери жана окуу-методикалык куралдар) ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү.
2. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын гуманитардык жана филологиялык адистиктеринин студенттери үчүн, ошондой эле башталгыч класстардын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо факультеттери үчүн изилдөөнүн жүрүшүндө алынган материалдарды жана методикалык сунуштарды «Кыргыз адабиятын окутуу методикасы» курсуна киргизүү.
3. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предмети боюнча хрестоматияны даярдоо жана басып чыгаруу, заманбап балдар акындарынын ырларын, мультфильмдерди, иллюстрацияларды, сүрөттөрдү ж.б. жазуу менен аудио-видеоматериалдар түрүндө даярдоо.

4. 2-4-класстар үчүн «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча сабактардын иштелмелерин жана мектеп практик-мугалимдери үчүн методикалык сунуштарды даярдоо жана чыгаруу.

**Негизги жоболордун жана тыянактардын жарыяланышы да талапка ылайык келет.** Ч.А.Акматованын диссертациялык ишине байланыштуу 15 илимий-методикалык макаласы жарыкка чыккан. Аларда диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары тастыкталган.

**Диссертацияда кездешкен төмөнкүдөй мүчүлүштүктөрдү жана ишке карата сунуштарды белгилеймин:**

1. Изилдөөнүн соңунда берилген тиркемелерде заманбап сабактардын үлгү-иштелмелердин үлгүсүн көбүрөөк сунуштаса жакшы болмок.
2. Диссертацияда, авторефератта айрым орфографиялык, стилдик каталар кездешет.

Бирок, бул мүчүлүштүктөр диссертациянын илимий-методикалык жактан алгылыктуу натыйжаларына көлөкө түшүрө албайт. Анда актуалдуу, учурдагы жаңы педагогикалык маанилүү проблеманын адабият сабагынын мисалында талаптын деңгээлинде чечүүгө болгон аракеттер бар. Мазмуну жана түзүлүшү боюнча кандидаттык диссертацияга коюлуучу ЖАКтын талаптарына толук жооп берет жана анын автору Акматова Чынара Асановна 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны ыйгарууга татыктуу деп эсептейм.

Расмий калыс: п.и.к., доцент Т.Н.Каранова

П.и.к., доцент Т.Н.Карановanын колун тастыктаймын.
КББ ________ У.Жамалова
08.04 2022-ж.

Дата поступления в ДС Д 13.20.623
11.04.2022
Зав. канц. Омурбаева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ